3. Asipova, N.A. Problems of synchronizing the training of PhD doctors in the direction of "Pedagogy" in the Kyrgyz Republic [Text] / N.A. Asipova // News of universities of Kyrgyzstan. – 2021. – No. 1. – pp. 229-233.
4. Boldzhurova, I.S. The history of the development of the education system of the Kyrgyz Republic in the transition period: 1990-2005. [Text]: dis. ... doctor of Pedagogical Sciences / I.S. Boldzhurova. – M., 2006. – 256 p
. 5. Dobaev, K.D. The system of higher education and educational standards in the Kyrgyz Republic [Text]: analytical report / K.D. Dobaev, K.Zh. Zhakshylykova, Sh.F. Niyazov, F.I. Ryskulueva, E.R. Sakimbayev. – M.: Research Center for Quality problems of training specialists, 2009. – 128 p.
6. Karabalaeva, G.T. Problems and prospects of PHD doctors training in the Kyrgyz Republic [Text] / G.T. Karabalaeva, N.A. Asipova // Modern problems of science and education. – 2020. – № 2. URL: http://www.science-education.ru/ru/article/view? id=29666
7. Mamytov, A. Features of the system of higher education in developed countries of the world [Text] / A. Mamytov // Science and new technologies. – 1998. – № 2.
8. Narcosiev, A.K. Theoretical foundations of the competence approach in the design of educational programs on credit technology [Text]: dis. ... Doctor of Pedagogical Sciences / A.K. Narcosiev. – Bishkek, 2011. – 322 p.
9. Pankova, T.V. Scientific and pedagogical foundations of comparative ethnopedagogy [Text]: monograph / T.V. Pankova. – Bishkek, 2004. – 236 p.
10. Chernous, T.F. Modern international integration and training of highly qualified personnel in Kyrgyzstan [Text]: abstract. dis. ... Candidate of Historical Sciences / T.F. Chernous. – Bishkek, 2007. – 25 p.

УДК: 378 (575.2)+378(52)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-82-88

**Самаров Айбек**
И. Арабаев атындагы КМУ, аспирант
**Самаров Айбек**
КГУ им. И. Арабаева, аспирант
**Samarov Aibek**
KSU I. Arabaev, graduate student

# КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ЯПОНИЯНЫН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН САЛЫШТЫРМА ТАЛДООНУН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАМИЛЕЛЕРИ
# МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ ПОДХОДЫ СРАВНИТЕЛЬНОГО АНАЛИЗА СИСТЕМЫ ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСТАНА И ЯПОНИИ
# METHODOLOGICAL APPROACHES TO COMPARATIVE ANALYSIS OF THE SYSTEM OF HIGHER EDUCATION IN KYRGYZSTAN AND JAPAN

**Аннотация:** Макалада Кыргызстан менен Япониянын жогорку билим берүү ситсемасын салыштырма талдоонун негизиндеги бир катар илимий-методологиялык мамиле-ыкмалардын маңызы каралган. Азыркы учурда Кыргызстанда салыштырма педагогика

боюнча изилдөөлөр өлкөдөгү тарыхый кайра өзгөрүүлөргө байланыштуу акырындык менен күч алууда. Жогорку билим берүү системасынын жана практикалык педагогикалык ишмердүүлүгүн салыштырма талдоонун азыркы теориялык изилдөөчүүлүк көйгөйлөрү бирдей даражада методологиялык негиздөөнү талап кылат. Автор тарабынан системалуу, тарыхый, цивилизациялык, маданий, салыштырма, социологиялык, прогноздоочу сыяктуу ыкмалар каралган.

**Аннотация:** В статье рассматривается сущность ряда научно-методологических подходов, лежащих в основе сравнительного анализа системы высшего образования Кыргызстана и Японии. Исследования по сравнительной педагогике в Кыргызстане на современном этапе постепенно набирают оборот в связи с учетом исторических преобразований в стране. Современные теоретические исследовательские проблемы сравнительного анализа системы высшего образования и практическая педагогическая деятельность в равной степени требуют методологического обоснования. Автором рассматриваются такие подходы как: системный, исторический, цивилизационный, культурологический, сравнительный, социологический, прогностический.

**Abstract:** The article deals the essence of a number of scientific and methodological approaches that underlie the comparative analysis of the higher education system in Kyrgyzstan and Japan. Research on comparative pedagogy in Kyrgyzstan at the present stage is gradually gaining momentum due to the historical transformations in the country. Modern theoretical research problems of the comparative analysis of the system of higher education and practical pedagogical activity equally require methodological substantiation. The author considers such approaches as: systemic, historical, civilizational, cultural, comparative, sociological, prognostic.

**Негизги сөздөр:** методология, методологиялык мамилелер, салыштырма изилдөө, салыштырма талдоо, жогорку билим берүү системасы, педагогикалык компаративистика.

**Ключевые слова:** методология, методологические подходы, сравнительное исследование, сравнительный анализ, система высшего образования, педагогическая компаративистика.

**Keywords:** methodology, methodological approaches, comparative research, comparative analysis, higher education system, pedagogical comparative studies.

Жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, акыркы бир нече жылда кыргыз адистери тарабынан жүргүзүлүп жаткан салыштырма-педагогикалык изилдөөлөр, албетте, салыштырма педагогиканын өнүгүшүнө тиешелүү деңгээлде салым кошуп, илимий жактан алганда, аны курчап турган көп полярдуу жана көп катмарлуу дүйнөлүк билим берүү мейкиндигин илимий көз караштан таанууга мүмкүндүк берет.

Бул татаал маселени чечүү ар кандай методологиялык мамиле-ыкмалардын, методдордун топтомун карманнуу зарылдыгын талап кылат. Айрым методологиялык мамиле-ыкмаларды жана методдорду пайдалануу, биздин баамыбызда, чындыктын картинасын бурмалоочу, бир тараптуу көз караштан оолак болууга мүмкүндүк берет. Кыргызстан менен Япониянын жогорку билим берүүсүн салыштыруу аркылуу биз методологиялык мамиле-ыкмалардын көп түрдүүлүгүн системалык, тарыхый, цивилизациялык, маданий, салыштырма, социологиялык, прогноздоочу ыкмаларын пайдаланабыз.

***Системалык мамиле-ыкма***, жогорку билим берүү системасын өзүнчө эмес, анын бардык элементтеринин өз ара байланышында, өнүгүүсүндө жана кыймылында кароого

мүмкүндүк берет, алардын интеграциялык системалык касиеттерин жана сапаттарын аныктоого; билим берүүнүн башка социалдык факторлор менен байланышын; ЖОЖдук реформанын билим берүүнү өнүктүрүүгө, инсандын калыптанышына тийгизген таасирин; билим берүүнү реформалоонун мыйзамченемдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк түзөт.

***Тарыхый мамиле-ыкма*** билим берүүнүн жана тарбиялоонун мазмунуна жана мүнөзүнө таасирин тийгизген, эң маанилүү окуялардын контекстинде жогорку билим берүүнүн өзгөчөлүгүн талдоого мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда, биринчиден, бул конкреттүү өлкөнү аныктап, аны башкалардан айырмалап турган жогорку билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн; экинчиден, алар улуттук маданияттын бир бөлүгү катары узак убакыт бою сакталып келгендигин эске алуу маанилүү. Мисалы, Кыргызстанда коллективизмдин өнүгүүсүнүн педагогикалык теориясы тарыхый шарттуулукка ээ жана көчмөндөр философиясында, ошондой эле совет доорундагы билим берүүнүн жана тарбиялоонун тарыхында бир канча ирет белгиленгендей, узак убакыттан бери элдин жашоо образын аныктаган жамааттык жана топ ичиндеги колдоо көрсөтүү идеясы менен байланышкан.

Биз ишибизде ар кандай коомдук кубулуштарды алардын мыйзамченемдүү-тарыхый жана конкреттүү-тарыхый жагдайда кароону шарттаган тарыхый мамилени кармануүга аракет кылдык. Биздин диссертациялык изилдөөбүздүн темасына келсек, бул мамиле-ыкма япониялык жогорку билим берүү системасынын калыптануу жана өнүгүү процессине көйгөйлүү-хронологиялык мамиленин ырааттуулугу менен ишке ашырылган. Алынган натыйжалар таза синхрондук анализдин позициясынан түшүндүрүү татаал, азыркы коомдук-педагогикалык практиканын реалиялары менен диалектикалык байланышты аныктоо үчүн пайдаланылды.

***Цивилизациялык мамиле-ыкма*** түздөн-түз тарыхый мамиле-ыкма менен байланышкан. Бирок ал жогорку билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн тарыхый окуялардын контекстинде эмес, цивилизациялык өнүгүү шарттарында аныктайт, ошону менен бир топ таасирдүү факторлорду интеграциялайт. Цивилизациялык мамиле-ыкма идеясы англиялык философ жана социолог А. Тойнбиге таандык, ал аны коомдогу цивилизациялык өзгөрүүлөргө байланышкан маанилүү социалдык кубулуштарды талдоо үчүн зарыл деп эсептеген [5]. Цивилизациянын өнүгүшү узак мезгилди, эреже катары, бир жүз жылдыкты камтыйт, ошондуктан цивилизациялык өзөк-негиздер эл үчүн маанилүү болгон жана кылымдар бою сакталып келген феномендерди камтыйт. Көптөгөн изилдөөчүлөр муну элдин менталдуулугу, улуттун руханий ой-жүгүртүүсүнө байланыштуу деп эсептешет, ал ар кандай кырдаалда, анын ичинде өзгөрүп жаткан кырдаалда жашоонун бардык артыкчылыктарын аныктайт. Ошондуктан, мисалы, Европанын билим берүүсү менен Япониядагы билим берүүнү салыштырганда, бардык өлкөлөргө жалпы ааламдашуу процесси жүрүп жатканына карабастан, бул ар түрдүү цивилизациялар экенин эске алуу керек. Айрыкча, азыркы дүйнөнүн бирдиктүү маалыматтык-билим берүү мейкиндигинин өнүгүшүн аныктаган биздин доордо бул маанилүү.

Бул изилдөөнүн ***конкреттүү-тарыхый мамиле-ыкмасы*** жалпы адамзаттык эволюциялык процесстин жүрүшүндө жеке цивилизациялардын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эске алууга мүмкүндүк берүүчү адамзаттын тарыхына стадиялык-цивилизациялык мамилеге негизделген.

Бул концепциянын негизги методологиялык жоболору О. Шпенглер, А. Тойнби, С. Хантингтон, Ш. Эйзенштадт, К.Н. Леонтьев, Н.Я. Данилевскийдин эмгектеринде иштелип

чыккан, азыркы орус окумуштуулары И.Д. Ковальченко, В.Г. Федотова, А.Я. Гуревич, И.И. Авалиани ж.б. тигил же бул даражада буга кошулушат [3].

Аларда адамзаттын тарыхы цивилизациялардын өз ара аракеттенүүсүнүн эволюциялык процесси катары чечмеленет, ал эми элдер жана мамлекеттер цивилизациялык өнүгүүнүн тарыхый өткөөл формалары болуп саналат. С. Хантингтондун ою боюнча, «цивилизациялар тил, тарых, каада-салт, институттар сыяктуу объективдүү эрежеинин жалпы белгилеринин болушу менен, ошондой эле адамдардын субъективдүү өзүн-өзү идентификациялоосу менен аныкталат. ... Адамдардын маданий өзүн-өзү идентификациясы өзгөрүшү мүмкүн, натыйжада тигил же бул цивилизациянын курамы жана чек аралары өзгөрүшү мүмкүн» [6].

Стадиялык-цивилизациялык мамиленин бардык аспектилери эле бүгүнкү күндө жетиштүү деңгээлде терең иштелип чыккан эмес, алардын көбү боюнча курч илимий талкуулар жүрүүдө, бирок бул мамиле-ыкманын талашсыз артыкчылыгы – бул элдердин жана алардын маданияттарынын тарыхый өнүгүүсүндөгү универсалдуу жана уникалдууну, жалпы жана өзгөчөнү жетиштүү даражада кеңири жана адекваттуу талдоого мүмкүндүк берет.

Азыркы илимде Япония өзүнчө алыскы чыгыш цивилизациясы катары белгиленет [5]. Өзүнүн калыптанышынын алгачкы этаптарында ал Индия жана Кытай цивилизациясынын күчтүү таасирин башынан кечирген, ал эми батыш, евро-америкалык маданияттын таасири жаңы, жана кыйла даражада азыркы заманга чейин анча көңүл бурулган эмес. Япониянын цивилизациялар аралык байланыштары туруксуз жана бир жактуу болгон – жаңы билимдер жана анын алып жүрүүчүлөр материктен Япония аралдарына толкун сымал урунуп турган, бирок, ошол эле убакта ага акарата жакындоо аракети болгон эмес. Бир нече кылымдар бою Японияда уникалдуу этно-маданий каада-салт калыптанган, анын айырмалоочу мүнөздүү белгилери – интроверттүүлүк, ички туруктуулук жана өзүнө-өзү ишенген ички көз карандылык. Ар бир тарыхый доорго илимий, маданий-агартуучулук, билим берүү уюмдарынын, жөнгө салуулардын, агартуучулук ишмердүүлүктүн формаларынын жана ыкмаларынын белгилүү бир жыйындысы туура келген, бул стадиялык-цивилизациялык мамиленин пайдасына чечилген аргумент болуп саналат. Анын негизинде япон мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу мезгилиндеги, алгачкы жана акыркы феодализмдин мезгилиндеги, ошондой эле XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы буржуазиялык кайра куруулар доорундагы япон жогорку билиминин өнүгүү өзгөчөлүктөрү, ошондой эле азыркы абалы жана анын өнүгүү перспективалары аныкталат.

***Маданий мамиле-ыкма*** тигил же бул өлкөдөгү жогорку билим берүүнүн өнүгүшүн коомдун маданиятынын өнүгүшүнүн негиздери менен байланыштырууга мүмкүндүк берет. Ал адам баласынын жалпы маданиятынын тарбиясын аныктайт. Мындан тышкары, бул мамиле-ыкма билим берүүдөгү маданияттар аралык компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган, себеби бир билим берүү уюмунда ар кайсы этностордун жана маданияттардын өкүлдөрүн окутууга туура келет. Миграциялык агымдардын өсүшүнүн азыркы шарттарында бул мамиле актуалдуу.

Маданий-мамиле-ыкма билим берүүнү маданияттын контекстинен карайт, жана билим берүүнү кантип гуманизациялоого болоорун, азыркы ЖОЖдо маданий каада-салттар

кандайча трансформацияланат, элге билим берүүнүн менталдуулугу реформа жолу менен кантип калыптанарын аныктоого багытталат.

***Прогноздук мамиле-ыкма,*** билим берүүнү өнүктүрүүнүн перспективалары жөнүндө алдыңкы маалыматтарды алууга багытталган атайын уюштурулган системалуу илимий-изилдөөлөргө негизделген. Бул мамиле-ыкма: Японияда жогорку билим берүүнүн өнүгүү келечеги кандай, дүйнөлүк билим берүү реформасында кандай тендециялар күтүлүүдө? Деген маселенин үстүндө иштөөгө негиз болот.

***Социологиялык мамиле-ыкма*** жогорку билим берүүнүн реформаларын коомдун өнүгүү процессинин ажырагыс бөлүгү катары кароого мүмкүндүк берет, б.а. билим берүүнүн коомго көз карандылыгын тактоо; ЖОЖдук реформалардын социалдык шарттуулугун аныктоо болуп саналат. Билим берүү коомдун жана инсандын муктаждыктарын канчалык деңгээлде канааттандырат, анын натыйжалуулугу канчалык экендигин талдоого алат. Жогорку билим берүүнү демократизациялоо, интерулутташтыруу, интеграциялоо кантип жүзөгө ашырыларына көңүл бурулат.

***Изилдөө методдорунун*** ичинен жетектөөчү метод катары ***теориялык метод*** адабий жана архивдик булактарды, педагогикалык басма сөздүн материалдарын салыштырма-текteштирме, салыштырма-тарыхый талдоо, анын сапаттык анализи үчүн ири көлөмдөгү фактылык материалдарды колдонууга мүмкүндүк берет. Студенттер үчүн булакты талдоо үйрөнүүнүн жана изилдөөнүн эң маанилүү ыкмасы болуп саналат.

Салыштырма педагогикада компаративисттер тарабынан кеңири колдонулган изилдөөнүн жалпы илимий ыкмалары конкреттүү методдор менен айкалышта колдонулат. Сурамжылоо, байкоо, суроо, интервью жана баарлашуу педагогикалык изилдөөлөрдө дайыма колдонулуп келген методдор болуп саналат. Бирок салыштырма билим берүүдө алардын өздөрүнүн спецификасы болот. Б.Л. Вульфсон компаративистикада бул методдордун колдонулушунун айрым өзгөчөлүктөрүн белгилеген [2].

***Сурамжылоо ыкмасын*** колдонууда корреспонденттик сурамжылоонун формасы кеңири колдонулат, б.а. респонденттерге атайын даярдалган суроолору бар белгилүү бир анкетаны/суроолор топтомун жөнөтүүнү камтыган почта аркылуу сурамжылоо жүрөт. Сурамжылоолорду стандартташтыруу маалыматты иштеп чыгуунун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында жүргүзүлөт.

***Байкоо жүргүзүү*** жана фактыларды чогултуу педагогикалык компаративистиканын методдорун кеңири колдонулушун билдирет. Фактылар, эгер алардын классификациясы, анализи, жалпылоосу болбосо маанилүү эмес. Азыркы дүйнөдө билим берүү фактологиясы ар түрдүү көрүнүштөрдүн кеңири спектрин билдирет, алардын ичинен эң типтүү, маанилүү жана репрезентативдүүлөрүн бөлүп көрсөтүү зарыл.

***Интервью жана баарлашуу***, эреже катары, билим берүүнүн актуалдуу көйгөйлөрүн жана социалдык наразычылыктарды жаратуучу аялуу зоналарды аныктоодо мааниге ээ болгон субъективдүү факторлор менен байланыштуу болот.

***Булактарды талдоо (анализ)*** – заманбап дүйнөдө көп түрдүүлүгү менен татаалданган компаративистиканын эң байыркы жана салттуу ыкмаларынын бири. Ар түрдүү булактардын арасында ченемдик-укуктук булактар болушу мүмкүн, мыйзамдык базаны чагылдырган, илимий (макалалар, монографиялар, диссертациялар ж.б.), архивдик булактар, айрым адабий же публицистикалык булактар да мааниге ээ болушу мүмкүн. Ар кандай статистикалык булактардын өзгөчө орду бар, алар тигил же бул формада жыл сайын

ар кайсы өлкөлөрдө жана эл аралык билим берүү уюмдарында басылып жарыяланып турат. Бул жерде математикалык статистиканын методдору чоң мааниге ээ.

Салыштырма педагогика тармактар аралык илим катары каралгандыктан, аны менен байланышкан илимдердин методдорун колдонот, мындан тышкары, изилдөөчүлөр салыштырма педагогиканын ар кандай методдорун да пайдаланышат, алардын арасында изилдөөнүн жалпы илимий ыкмалары белгиленген.

Ошол эле учурда салыштырма педагогиканын спецификалык методдору да айырмаланат. Алсак, Г.М. Морозова салыштырма педагогикалык изилдөөлөрдүн төмөнкүдөй булактарды изилдөө, статистикалык маалыматтарды изилдөө, адабий булактарды изилдөө, баарлашуу, интервью, салыштырма методду аныктайт, алардын ичинен биз жалпы жана конкреттүү методдорду көрөбүз [4].

Салыштырма педагогиканын негизги методу – ***салыштырма метод*** болуп саналат, анын жардамы менен дүйнөдөгү жогорку билим берүү системаларындагы окшоштуктар менен айырмачылыктардын негизги белгилери ачылат, педагогикалык мыйзамченемдүүлүктөрдүн жалпы жана өзгөчө көрүнүштөрү катталат. Салыштырма методдун маанилүү аспектиси болуп салыштыруунун көрсөткүчтөрүн талдап чыгуу.

Изилдөөдө статистикалык метод да колдонулду. ***Статистикалык метод*** билим берүүнүн сандык көрсөткүчтөрүн талдоо жана интерпретациялоо болуп саналат. Билим берүүнүн улуттук статистикасынын параметрлерин эл аралык деңгээлде салыштыруу татаал, анткени сандык өсүш билим берүүнүн прогрессинин негизги көрсөткүчү болбой калды.

Япониянын жогорку мектебинин окумуштуулары жана педагогдору менен аңгемелешүүлөр жана интервьюлар жүргүзүлдү, Бишкек шаарындагы Кыргыз-Япон адамдык өнүктүрүү борбору (KRJC), Кыргыз Республикасындагы Япон тили окутуучуларынын ассоциациясы, япон тили окутулган университеттер (Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети ж.б.) аралык жана Япониянын Бишкектеги элчилигинин маданият жана маалымат бөлүмү менен кызматташуу зор мааниге ээ болду.

Кандайдыр бир мамиле-ыкманы, методду колдонуу салыштырма педагогиканын негизги методологиялык маселесин чечүүнү камтыйт, бул азыркы чет өлкөлүк билим берүү тажрыйбасынын, атап айтканда, Япониянын жетишкендиктерин, ата мекендик теориялык жана практикалык педагогикада кандай каражаттар аркылуу жана кандай формаларда эң натыйжалуу пайдаланууга болорун аныктайт.

Салыштырма педагогиканын методдору түздөн-түз методологиялык ыкмаларга байланыштуу жана алар тарабынан аныкталат. Албетте, негизги ыкма салыштырма талдоо болуп саналат. Анын үстүнө салыштыруу окшош билим берүү системаларын талдоо үчүн, ал эми тектештирме талдоо салыштыруу үчүн олуттуу негиздер жок болгон учурда колдонулат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Ажыбекова К.А. Проблема выбора методологии реформ в образовании // Материалы семинара ректоров вузов Кыргызстана, 26 мая 1995 г. – Бишкек: МУК, 1995.

2. Вульфсон Б.Л. Сравнительная педагогика: история и современные проблемы. – М.: Изд-во УРАО, 2003. – 232 с.

3. Ковальченко И.Д. Теоретико-методологические проблемы исторических исследований. Замети и размышления о новых подходах// Новая и новейшая история № 1.1995. с. 3-33:

4. Морозова Г.К. Сравнительная педагогика: учебно-методическое пособие. – М.: Флинта, 2013. – 170 с.
5. Тойнби А. Дж. Цивилизация перед судом истории: сборник: пер. с англ. – М.: Рольф, 2002. – 592 с.
6. Хантингтон С.П. Столкновение цивилизаций. – М: Изд-во АСТ, 2003. – с. 34.
7. Noah H., Eckstein M. Toward A Science of Comparative Education. – N.Y.: Macmillan, 1968. – 222р.
8. Tomas M. Conducting Educational Research: A Comparative View. 1998, Westport: Bergin and Garwey. – 374 p.

**References:**

1. Azhybekova K.A. The problem of choosing the methodology of reforms in education // Materials of the seminar of rectors of universities of Kyrgyzstan, May 26, 1995 – Bishkek: MUK, 1995.
2. Wolfson B.L. Comparative pedagogy: history and modern problems. – M.: Publishing house of URAO, 2003. – 232 p.
3. Kovalchenko I.D. Theoretical and methodological problems of historical research. Notes and reflections on new approaches// New and recent history No. 1.1995. pp. 3-33:
4. Morozova G.K. Comparative pedagogy: an educational and methodical manual. – M.: Flint, 2013. – 170 p.
5. Toynbee A. J. Civilization before the court of history: collection: trans. From English – M.: Rolf, 2002. – 592 p.
6. Huntington S.P. Confession of corruption. – M.: Publishing house ACT, 2003. – p. 34.
7. Noah H., Eckstein M. On the way to the science of comparative education. – New York: Macmillan, 1968. – 222 p.
8. Thomas M. Conducting educational research: a comparative view. 1998, Westport: Begin and Harvey. – 374 p.